КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Кыргыз-Орус (Славян) университети

К.10.07.339 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Кол жазма укугунда
УДК 94.3-5:43-5:415.2

Сейитбекова Сурмакан Сейитбековна

Тилдеги абстрактуулук категориясынын типологиялык мүнөздөмөсү

(кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)

Адистиги: 10.02.20.– салыштырма-тарыхый, типологиялык жана тектештирме тил илими

Филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденүү үчүн
жазылган диссертациянын
автореферати

Бишкек-2008

Иш Ош технологиялык университетинде жана Ош мамлекеттик университетинде аткарылган.

Илимий жетекчиси: филология илимдеринин доктору, профессор К.Зулпукаров

Расмий оппоненттер: филология илимдеринин доктору, профессор М.Дж. Тагаев

филология илимдеринин кандидаты, доцент А.И. Ибраев

Жетектөөчү мекеме: Кыргыз мамлекеттик курулуш, архитектура жана транспорт университетинин кыргыз тили жана чет тилдер кафедралары.

Диссертация 2008 жылдын 3 майда саат 10⁰⁰ де Кыргыз – Орус (Славян) университетиндеги филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденүүгө диссертацияларды коргоо боюнча К 10.07.339 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Киев көч., 44.

Диссертация менен Кыргыз - Орус(Славян) университетинин китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Киев көч., 44.

Автореферат 2008 жылдын 3 апрелинде таркатылды.

Урматтуу Мамед Джакыпович!
Сизге чын дем-соолук каалоо менен
бала бакчаны менен бак дөөлөт
коштой мурунку, туруктуу эмес
келибизиз терең урматтоо
менен Сурмакон.

Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент О.С. Абдыгаимова

Иштин жалпы мүнөздөмөсү

Проблеманын коюлушу жана теманын актуалдуулугу. Тил илими пайда болгондон баштап эле тилдик бирдиктерди логикалык жана философиялык аспектилерде изилдеп үйрөнүп келишкен. Тил типологиясына И.А. Бодуэн де Куртенэ, Ф.Ф. Фортунатов ж.б. жана структурализм агымына багытталган Ф. де Соссюр, Р.О. Якобсон, Л. Блумфилд ж.б. окумуштуулар XX кылымдан баштап тилдин өзүнө гана таандык лингвистикалык аспектиде анын структуралык жана функционалдык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө, тилдик категориялардын табиятына толук анализ берүүгө киришишти. Натыйжада тилдик бирдиктерди категориалдык негизде изилдөө аркылуу конкреттүү тилдин маңызы даана ачыла баштады. Анткени тигил же бул тилдин структурасын категориялык белгилердин негизинде изилдөө алардын башка тилдерден айрымасын да көрсөтүүгө жардам берет. Тилдик кубулуштарды категорияларга бөлүштүрүп изилдөө аларды системага салууга өзгөчө ынгайлуу шартты түзөт. Ал эми ар кандай тилдердеги абстракттуулук категориясы да лингвистикалык категория катары башка категориялар менен жанаша жашап, тилдин структурасында өзгөчө мааниге ээ болот.

Абстракттуулук категориясы тилдик реалдуулук катары ошол эле тилдеги конкреттүүлүк категориясына карама-каршы коюлат. Анткени бул категория, тактап айтканда, тилдик түшүнүктөр бири-бири менен карама-каршы түшүнүктөр катары гана эмес, тескерисинче, бирин-бири шарттап турган, бирисиз экинчиси жашоого мүмкүн болбогон лингвистикалык категориялар катары каралышы зарыл. Абстракттуулук менен конкреттүүлүк бирин бири толуктап өзүнчө бүтүндүктү түзөт.

Абстракттуулук категориясы конкреттүүлүк категориясына карама-каршы коюлат да, ал биримдикти түзүп жалпы маанини көрсөтөт. Абстракттуу түшүнүктү берген тилдик каражаттардын маанилери, денотаттары саналбайт, өлчөнбөйт, айрым бир шарттарда көзгө да көрүнбөйт, мындай түшүнүк негиз болуп алынышы жана анын тектеш эмес тилдерде берилиши метатилдин функциясына жатат.

Абстракттуулук категориясынын тилдеги өзгөчөлүгүн белгилөөдө аны ички салыштыруудан, башкача айтканда, ошол тилдеги конкреттүүлүк категориясы менен салыштыруудан издебестен, башка тилдер менен, мүмкүн болушунча тектеш эмес тилдер менен салыштырып изилдөө бир топ максатка ылайыктуу болот.

Акыркы жылдарда тилдерди салыштырып үйрөнүү боюнча фундаменталдуу көп илимий эмгектер жазылып, алар тектеш жана

тектеш эмес тилдерди үйрөнүүгө теориялык жана практикалык база болуп берүүдө. Тилдерди салыштырып үйрөнүү, негизинен, тилдик системаны изилдөө менен, ар бир тилдин өзгөчөлүгүн табууга багытталат. Мындай изилдөө тилдин структуралык же сырткы формасын, же анын семантикалык көлөмүн изилдөөдөн башталат. Айрым бир учурларда кандайдыр бир тилдин структурасын метатил кылып алып, ошонун негизинде калган тилдердин структурасын изилдеп үйрөнүү да жемиштүү натыйжаны алып келген. Тилди практикалык жактан үйрөнүү үчүн грамматикалык жана фонетикалык каражаттарды салыштыруу системасы бир топ толук абалда изилденип кимдир аркылуу чыкты.

Тектеш эмес тилдердин категорияларын салыштырып үйрөнүү жалаң гана теориялык максатты эмес, таза практикалык максатты да көздөйт. Тактап айтканда, кыргыз жана англис тилдеринин абстракттуулук категорияларын салыштырып изилдөө бул эки тилдин коомдо функцияланышынын негизги өзгөчөлүктөрү менен да тике байланышат. Биздин изилдөөнүн ушул аспектиден каралышы максатка ылайыктуу жана анын актуалдуулугун айгинелейт.

Англис жана кыргыз тилдериндеги абстракттуулук категориясына тиешелүү теориялык материалдар Ш. Кадырова, Ж. Буранов, В. Шаповалов жана З. Караевалардын эмгектеринде азыноолак берилгени менен, буларда атайын иликтенбеген болчу.

Биз изилдөөгө алган проблема, жогоруда белгиленгендей, али ар тараптуу сыпаттала элек, эң эле бери дегенде абстракттуулук категориясы ал изилдөөлөрдө сөз болбогон же кыйыр түрүндө гана сөз болгон.

Демек, биз атайын изилдөө үчүн тандаган **теманын актуалдуулугун** анын монографиялык деңгээлде каралбагандыгы, абстракттуулук категориясынын кыргыз жана англис тилдериндеги жалпылыктары жана бөтөнчөлүктөрү тереңдеп талданбагандыгы, бул категориянын эки тилдеги типологиялык өзгөчөлүктөрү аныкталбагандыгы шарттап турат.

Илимий изилдөөнүн предметин салыштырылып жаткан тилдердеги абстракттуулук категориясына тиешелүү тилдик каражаттар түзүп, ал эми **объекти** болуп бул каражаттардын типологиялык жалпылыктары жана ар бир тилге мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү эсептелинет.

Илимий изилдөөнүн максаты катары англис жана кыргыз тилдериндеги абстракттуулук категориясынын негизин түзүүчү морфологиялык-деривациялык, лексика-семантикалык жана синтаксистик каражаттарды типологиялык аспектте комплекстүү изилдөө тандалып алынды.

Бул максатка жетишүү үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** аткарылды:

1) азыркы кыргыз жана англис тилдеринин системасындагы абстракттуулук категориясынын табиятын жана ордун белгилөө;

2) абстракттуулукту көрсөткөн англис жана кыргыз тилдериндеги тилдик каражаттарды морфологиялык, лексикалык жана синтаксистик деңгээлде салыштырып талдоо;

3) абстракттуулукту билдирүүчү тилдик каражаттарды борбордук жана борбордук эмес, маркерлүү жана маркерлүү эмес деген критерийлердин негизинде талдоого алуу менен, ал каражаттардын коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрүн белгилөө;

4) абстракттуулукту жаратуучу тилдик бирдиктердин деңгээл аралык, разряд аралык моделдерин түзүү жана алардын ар түрдүү разряддардагы өзгөчөлүктөрүн аныктоо; абстракттуу маанидеги тилдик бирдиктердин разряд аралык инвентаризациясын жүргүзүү менен абстракттуулукту билдирүүчү сөздөрдүн лексика-грамматикалык топторун же тайпаларын аныктоо;

5) абстракттуулук категориясын салыштырып үйрөнүүдө англис тили менен кыргыз тилинин ортосунда изоморфтук (окшоштук) жана алломорфтук айрымалоочу кубулуштардын себебин табуу жана аларды талдоо;

6) англис жана кыргыз тилдериндеги абстракттуу маанини көрсөткөн сөздөрдү уюштуруучу аффикстердин коммуникативдик табиятын аныктоо, алардын өзгөчөлүктөрүн жана окшоштук белгилерин көрсөтүү;

7) типологиялык абстаркттуулук категориясын туюнтуучу имплициттик жана эксплициттик каражаттарды табуу жана алардын негизги касиеттерин аныктоо; абстракттык семантиканын көлөмдүк катыштарын белгилөө.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы илимий иш кыргыз тил илиминдеги типологиялык абстракттуулук категориясына арналган алгачкы монографиялык изилдөөлөрдөн болуп саналат. Диссертация бул категориянын англис жана кыргыз тилдериндеги реализацияланышын, алардын деңгээл аралык, тил аралык жана разряд аралык каражаттар менен берилишин камтыган. Андан сырткары бул категорияны түзүүчү тилдик каражаттар системалуу структуралык жана маанилик жактан талданып, ар түрдүү конструктивдик-семантикалык тайпаларга бөлүнүп, абстракттуу сөздөрдүн негизинде эки тилде сөздүк түзүүгө мүмкүндүк болду.

Диссертациялык изилдөөдө абстракттуулукту көрсөтүүчү сөздөрдүн морфологиялык, сөз уюштуруучулук типтери иштелип чыкты, синтаксистик деңгээлдин структуралык-семантикалык типтери талдоого алынды.

Коргоого сунушталган жоболор:

1) Тилдеги абстракттуулук жана конкреттүүлүк түшүнүктөрүнүн карама-каршы бүтүндүгү;

2) Абстракттуулук категориясында менталдык жалпылоочу касиеттин болушу;

3) Бул категорияны түзгөн тилдик каражаттардын топтош-турулушуна уңгунун-аффикстин эки тараптуу бүтүндүктө таасир бериши;

4) Социалдык мааниси жана функциялары кенен өнүккөн тилдеги абстракттуулук "жаш" тилдерге караганда ийкемдүү, жатык жана комуникативдик жактан бай болушу сыяктуу пикирлерди тастыктайт.

Илимий изилдөөнүн теориялык мааниси эки тилдин материалында абстракттуулук категориясынын табияты жана маңызы аныкталды, анын конкреттүүлүккө болгон катышы белгиленди. Алынган жыйынтыктарды кыргыз жана англис тилдеринин типологиялык грамматикасы менен лексикологиясын түзүүдө колдонууга болот. Мындагы материалдар тектеш эмес тилдердин типологиясынын жалпы теориясын иштеп чыгуу үчүн зарыл илимий маалымат боло алат.

Илимий изилдөөнүн практикалык мааниси андагы тыянактар жана табылгаларды тилдерди салыштырып окутууда; котормонун жалпы теориясын өтүүдө англис тилинен кыргыз тилине же кыргыз тилинен англис тилине которуунун курстарын иштеп чыгууда; англис тилинин практикалык грамматикасын кыргыз аудиториясына окутууда жана анын окутуу усулдарын иштеп чыгууда; эки же андан көп тилдүү сөздүктөрдү түзүүдө пайдалануу мүмкүн; бул темада атайын курс окууга да болот.

Изилдөө методдору жогоруда коюлган маселелерди чечүү үчүн типологиялык салыштыруу методун колдондук. Изилдөө ишинин максатына жетүүдө компоненттик анализ, статистикалык метод, эксперименталдык байкоо жүргүзүү, котормо, моделдештирүү, маани көлөмүнө талдоо жасоо методдору жана ыкмалары да пайдаланылды.

Изилдөөнүн талдоо материалдары катары түрдүү лексикографиялык булактар, массалык маалымат каражаттарынын материалдары, жазуучулардын көркөм чыгармаларынан, окуу китептеринен мисалдар иргелип алынып, лингвистикалык талдоого алынды.

Изилденүүчүнүн жеке салымы диссертациянын мазмунун түзгөн материалдар англис жана кыргыз тилдеринин грамматикасын жана семантикасын окутуу процессинде колдонулган. Кыргыз тилдүү студенттерди англис тилине үйрөтүүдө иште келтирилген маалыматтар, сөз топтору жана алардын экинчи тилдеги эквиваленттери кенен пайдаланылган. Мындагы кээ бир мисалдар англис тили кабинетин жасалгалоодо таблица, кыргызча моделдер түрүндө иштетилген, көрсөтмө куралдарда берилип, сабактарда колдонулган.

Иштин апробациясы эмгектин негизги тыянактары жана жоболору автордун 8ден ашуун илимий, илимий-методикалык баяндамаларында, макалаларында чагылдырылган. Ош технологиялык университети менен Ош мамлекеттик университетинин чет тилдер кафедрасында талкууланган. Диссертация Ош шаарынын жогорку окуу жайларындагы чет тил кафедраларынын кошмо жыйынында талкууланып, коргоого сунушталган. Диссертациянын мазмунун түзгөн түз чагылдырган 7 макала журналдарда жана илимий жыйнактарда жарык көрдү.

Диссертациялык иштин структурасы. Иш 150 беттен турат, киришүү, үч глава, корутунду жана колдонулган адабияттардын тизмесин жана тиркемени камтыйт.

Иштин негизги мазмуну

I глава. Англис жана кыргыз тилдериндеги абстракттуу маанини көрсөтүүчү бирдиктердин түзүлүшү.

1. Тилдеги категория түшүнүгүн жана абстракттуулук категориясын аныктоочу негизги критерийлер. Абстракттуулук категориясы лингвистикада, логикада, философияда жолугат. Тилдеги абстракттуулукту бир нече лингвисттер изилдешкен (В.В.Виноградов, А.А.Уфимцева, Н.А.Баскаков, Е.Л.Гинзбург, Л.С.Бархударов, А.М.Комарова, Ю.Д.Апресян, И.В.Арнольд, Ц.В.Гогличидзе ж.б.). Абстракттуулукту типологиялык категория катары аныктоого болот (Дж.Буранов). Абстракттуу түшүнүктөр примитивдүү тилдерде кездешпейт. Алар менталдык дүйнөнүн өнүккөндүгүнүн көрсөткүчү боло алат.

Абстракттуулук негизинен зат атооч сөздөрүнө таандык. Бул категория кыргыз тилинин материалында карала элек. Бул маселе кээ бир тилчилердин эмгектеринде учкай гана сөзгө алынган (И.А.Батманов, Х.Карасаев, Б.Орузбаева, С.Кудайбергенов ж.б.).

Абстракттуу түшүнүктөрдү дүйнөнүн жана андагы кубулуштардын жалпыланган аталыштары түзөт. Буларда конкреттүүлүк жок. Абстракттуу предметтерди сезүү органдары аркылуу так чагылдырууга, дааналап көрүүгө, угууга же кармоого (өлчөөгө, сындырууга ж.б.) болбойт. Алар саналбайт, көптүк мүчөсүн да кабыл албайт. Мисалга *боорукерлик* же *коммунизм* сөздөрүн алсак, алар атаган түшүнүктөр жогоруда көрсөтүлгөн белгилер аркылуу чектелет.

Абстракттуулукту типологиялык категория катары аныктоо менен анын бир топ эле тилдик фактыларды камтып, интерпретациялап, өз чегинде борбордук-борбордук эмес,

эксплициттүү-имплициттүү, тил аралык-дэңгээл аралык–разряд аралык мүнөздө болушун көрсөтүүгө болот.

Абстракттуулуктун негизги көрсөткүчтөрү катары анын а) так, даана көрүнбөстүгү, б) ажырым эместиги, ошондуктан саналбастыгы, в) өлчөнбөстүгү, г) жалпылыгы жана д) аң-сезимде элес түрүндө жашашы аныкталат.

Абстракттуулук өзүнө мүнөздүү гана грамматикалык каражаттар аркылуу уюшулат.

Бул категорияны типологиялык өңүттө изилдөө семантикалык моделдештирүүнүн (А.И.Смирницкий, О.И.Москальская) жана семантикалык универсалиялардын (Б.А.Успенский) алкагында ишке ашат. Тилдик бирдиктердин семантикалык көлөмү жана структурасы ар тилде ар түрдүү болгон менен, алар жалпы семантикалык закон ченемдүүлүктөргө багынары шексиз.

Тилдердин семантикалык структурасын салыштырып иликтөө үчүн атайын белгилүү семантикалык талааларды түзүп, булардын курамын, түзүлүшүн, өзөгүн (ядросун) жана перифериясын ажыратып, өзүнчө семантикалык категорияларга бөлүштүрүүгө болот. Мындай категориялардын негизинде сөздөрдүн маанилик көлөмүн аныктап, аларды топтоштуруп, типтүү белгилерин аныктап, эки тилдин абстракттуу маанидеги сөздөрүн семантикалык-структуралык жактан "беттештирип" гана булардагы сөздөрдүн көлөмүндөгү жалпы жана айырмалуу элементтерин белгилөөгө болот.

Тил конкреттүүлүктөн абстракттуулука карай өнүгөт (В.И.Кодухов). Абстракттуулук - тилдин жана ойлоонун өнүккөндүгүнүн көрсөткүчү. Ошондуктан ал өнүккөн тилдердин универсалдуу белгиси катары аныкталууга тийиш. Абстракттуу маанини уюштуруучу аффикстер кийинчерээк пайда болгон. Англис, француз ж.б. тилдерде бул маанини билдирүүчү аффикстердин грек жана латынь тилдеринен киргендигин көрөбүз.

2. Абстракттуу маанини көрсөткөн сөздөрдүн ар түрдүү типтеги тилдерде болуусу жана алардын жалпылыгы. Типологиялык абстракттуулук - универсалдык тилдик категория. Бул деңгээл аралык мүнөздө кездешет. Ал лексикалык, лексика-семантикалык, сөз жасоочулук, морфологиялык жана синтаксистик сапатка ээ.

Абстракттуулукту тил аралык категория катары сыпаттоого болот. Көп сөз жасоочу көрсөткүчтөр, уңгулар да эки же андан көп тилдерде жолугары белгилүү. Грек, латынь тилдеринде абстракттуулукту уюштуруучу лексика-грамматикалык каражаттар башка тилдерге (француз, англис, немис, орус ж.б.) өтүп, орус тили аркылуу кыргыз тилине кирип өзүнчө тил аралык каражаттарды түзгөн. Мунун натыйжасында кыргыз тилинин абстракттуулукту туюнтуу мүмкүнчүлүгү жогорулаган.

3. Англис тилиндеги абстракттуулукту туюнткан сөздөрдүн морфологиялык деңгээлде берилиши. Абстракттуулук конкреттүүлүк менен оппозициялык катышта. Абстракттуулукту көрсөтүүчү суффикстерге *–tion (-ion, -sion), -ment, -ology, -hood, -dom, -ism* ж.б. кирет. Булар абстракттуулуктун маркери катары кызмат кылат. Булардын кайсы бирөөлөрү кыргызча эквивалентке ээ: *numeration - номерлөө*, *humanism - гумандуулук*, кайсы бирөөлөрү которулбайт: *communism - коммунизм*, *consultation – консультация* ж.б. Мисалы: ***Communication** among the students and infomation sharing contributed to actively involving the students in the class and enriched their experiences - Студенттер арасындагы **байланыш** жана маалымат алмашуу алардын сабакта активдүү катышуусуна жана билимдерин байытууга кеңири жол ачат. (к.б.)* [Forum. Volume 37 N 3 Jul-Sept 1999 p. 33]

*What might not be behind this green door! Danger, death, love **disappointment** - Бул жашыл эшиктин артында эмнелер болбошу мүмкүн! Коркунуч, өлүм, сүйүү, **көңүл калуучулук**.*(к.б.) (O.Henry. The green door and other stories – M:, 59,p.6)

4. Абстракттуулук категориясын туюнтууда суффикстердин түрдүү топторунун колдонулушу. Активдүүлүгүнө карата абстракттуулукту туюнтуучу суффикстүү сөздөр үч топко бөлүнөт.

А. Колдонуусу өтө активдүү суффикстер аркылуу абстракттуулуктун берилиши. Буларга төмөнкү аффикстер кирет: *-ship, -tion, -ment, -dom, -hood* ж.б. Булардын кыргызча эквиваленттери ар түрдүү:

а) N+*ship* = З+дук/дик/дүк/дык/тук/тик/түк/тык/лук/лик/лүк/лык: *friend**ship** - до**стук**, relation**ship** - кат**ышт**ык, мамиле**лик*** ж.б.

Мисалы: *There is so little real **friendship** in the world - And unfortunately 'there are so many who forget to think seriously till it is almost too late' - Дүйнөдө чыныгы **достук** өтө аз, тилекке каршы өтө кеч болуп калгычакты токтоолук менен ойлонууну унуткандар өтө көп.* (к.б.) (Jane Austen, Persuasion N85 p 155)

б) N+*logy/ology* = З+*логия/ология*: *bio**logy** - биологи**я**,* methodology - *метод**ология*** ж.б.

Мисалы: *The* **methodology** *used in this part of the course with a hammer and a propane torch they tried, according to law–enforcement - Мыйзам боюнча курстун бул бөлүгүндө **методологиянын** куралдарын колдонууга аракет жасалды.* (к.б.) [English Teachihg Forum, 37,3, Jul-Sept., 1999,p. 32]

Б. Колдонулушу жана валенттүүлүгү орточо суффикстерге *–ing, -ture, -ty, -ise, -ness, -ance, -ful* ж.б. кирет. Мисалы: *manufa**cture** - өндүрүү, иштеп чыгуу, advertise - жарыялоо* ж.б.

Мисалы: *His answer to this sudden attack was* **delightful** *to their mother's ear. – Анын бул кокус кол салууга болгон жообу анын*

апасынын кулагына ***сонун*** *угулду.* (к.б.) (Jane Austen, Pride and Prejudice N 102 p 42)

В. Бул топтогу суффикстер англис тилинде өтө сейрек жолугат: *-able, -full, -en, -ty.* Мисалы: *ability -жөндөмдүүлүк, joyful – кубанычтуу* ж.б.

Мисалы: *Imposing high standards without establishing a strong support system built on human and financial resources to ensure student success is* **unconscionable** – *Студенттердин ийгилигин камсыз кылуу үчүн адам жана финансы ресурстарында курулган бекем колдоочу системаны калыптандыруусуз бийик стандарттарга жетүүнү таңуулоо-бул* ***аша чапкандык.*** (к.б.) (The New York Times, October 28, 2001 p. 21)

5. **Кыргыз тилиндеги абстракттуу маанини туюнткан сөздөрдүн морфологиялык деңгээлде берилиши.** Кыргыз тилинде абстракттуулук негизинен суффиксация жолу менен уюшулат. Мындай маанини төмөнкү суффикстер жана суффикстердин айкаштары уюштурат:

1) -дык/дик/дүк/ дук/ тык/тик/түк/ тук/ лык/лик/лук/лук;

2) -чылык/ чилик/ чулук/ чүлүк;

3) -сыздык/ сиздик/ суздук/ сүздүк;

4) -бастык /бестик/бөстүк/ бостук / пастык /пестик/ пөстүк/ постук;

5) -дуулук/ дүүлүк/ туулук/ түүлүк.

Бул суффикстер жалганган заттар англис тилинде ар түрдүүчө берилет. Экинчи группадан суффикс эле англисче *-tion/sion/ion, -ance, -ibility/ility* ж.б. аффикстер аркылуу которулушу байкалат.

Кыргыз тилинде абстракттуулукту туюнтуучу префикстер башка тилдерден кабыл алынган. Буларга *бей-, на-* (иран тилдеринен), *де/дез-, ре-, интер-* ж.б. (орус тили аркылуу) кошулат.

Эки тилдин сөз жасоочулук каражаттарын салыштыруу менен биз англисче бир суффикс кыргызча бир нече суффикс аркылуу жана, тескерисинче, кыргызча бир суффикс англисче бир нече суффикс аркылуу туюнтулушун байкадык. Мисалы: *-dom= -дык...; -дуулук...; -чылык...; king**dom** – падышалык, bore**dom** – зергерлик, зергерчилик; official**dom** – официалдуулук, расмийлүүлүк* ж.б.

II глава. Абстракттуулук категориясынын лексикалык деңгээлде берилиши. Абстракттуулукту туюнтуучу англис сөздөрү түзүлүшү боюнча жөнөкөй, татаал, туунду жана татаал туунду сөздөргө бөлүнүшөт.

1. Жөнөкөй сөздөр: *music – музыка, death - өлүм, life - жашоо.*

Мисалы: The **death** of his mother was a great shock. – Анын апасынын **өлүмү** ал үчүн абдан оор сокку болду. Learning goes on through our **life**. - Үйрөнүү **жашоо** менен бирге жүрөт. (к.б.) (Longman dictionary of contemporary English, 1995; 815 p. (1668 p.)) Scrooge was

telling the truth: his nephew was poor but he was a **happy** man because he was married, to a woman whom he loved. – Скрудж чындыкты айтты: анын жээни кедейболгону менен, ал **бактылуу** эле, себеби ал өзү сүйгөн кызга үйлөнгөн. (к.б.) (Longman dictionary of contemporary English, 1995; 348 p. (1668 p.))

2. Жөнөкөй туунду сөздөр: *realize – аткаруу, элестетүү, түшүнүү, maximize – максималдуулукка жеткизүү,* разряд аралык сөздөр : *love - махабат* (N), *to love – сүйүү* (V), *loved - сүйгөн* (P II), *loving – сүймөнчүктүү* (P I) ж.б.

Мисалы: Oh, how she wished as she could remember **loving** and being **loved** by this man, he must have been the most fantastic experience of her life. – Ал аял, кишини качандыр бир мезгилде **сүйгөндүгүн** жана **сүйдүргөндүгүн** эстегенде, ал анын өмүрүндөгү эң укмуштуудай нерсе болгондугун ойлойт. (к.б.) (Carole Mortimer forgotten lover, Harlequin Books. Chapter 5 p. 91) She paled as she remembered her husband, the man she had **loved** since she was nineteen. – Ал 19 жашынан бери **сүйүп келген** адамы күйөөсүн эстегенде өңү кумсарып кетти. (к.б.) (Carole Mortimer forgotten lover, Harlequin Books. Chapter 5 p. 91) Most people live for sensual delight: each **loves** himself; such is our mortal **love.** – Көпчүлүк адамдар сезиминин шаттыгы үчүн жашашат: Ар бир адам өзүн **сүйөт**; адамзаттын **сүйүүсү** ушундай. (к.б.) (Sergey Yesenin. I do not regret. Moscow 1997 p 23)

3.Татаал сөздөр: *age-old – илгерки, байыркы, nation-wide - жалпы элдик, world–wide – (бүт) дүйнөлүк* ж.б. Мисалы: It is nothing new its an **age-old** problem. – Бул эч кандай жаңылык эмес, бул **илгерки** проблема. (к.б.) (Longman dictionary of contemporary English, 1995; 25 p. (1668 p.)) Татаал сөздөр мүнөзү боюнча агрегативдүү, копулятивдүү, асинтактикалык ж.б. түрлөргө бөлүнөт. **World-wide** cars with a world wide reputation for reliability. – **Бүткүл - дүйнөлүк** аброю бар машиналар сыноого коюлат. (к.б.) (Longman dictionary of contemporary English, 1995; 1654 p. (1668 p.))

Кошмок татаал сөздөргө редубликативдүү сөздөр (*pooh-pooh – түү-түү, fifty-fifty – тепетең, namby–pamby – алсыз жана назик* ж.б.), кыскартылган сөздөр (*p.m. – post meridian, a.m. – after meridian, SOS – safe our souls* ж.б.), туунду татаал сөздөр (*shipbuilding – кеме куруучулук, light headed – жеңил ойлуу*) ж.б. кирет. Мисалы: To these soldiers writing poetry must have seemed a **namby-pamby** sort of occupation. – Бул солдаттар үчүн ыр жазуу абдан **алсыз жана назик** иш катары сезилди. (к.б.) (Longman dictionary of contemporary English, 1995; 942 p. (1668 p.))

Абстракттуу маанини туюнтуучу кыргыз тилиндеги сөздөр да бир кылка эмес.

1. Уңгу тубаса сөздөр: *уят, абал, намыс, бакыт* ж.б.

2. Туунду сөздөр: а) *сүйүү, коркуу, коркпоо* ж.б.; б) *кордук, көптүк, дилгирлик*...; в) *паракорлук, бозокорлук, дүйнөкорлук* ж.б.

3. Кош сөздөр: а) карама-каршы маанидеги.: *улуу-кичүү, дос-душман, бар-жок*...; б) жалпылама маанидеги: *жоо-жарак, сакал-мурут, сөөк-тамыр*...; в) сыңар маанидеги: *келин-кесек, уят-сыйыт, бала-чака* ж.б.

4. Кошмок сөздөр: *өмүр жолу, айыл чарба, жети ата, үч бурчтук* ж.б.

Эки тилдеги абстракттуу лексиканы салыштырып төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрдү белгилөөгө болот:

1. Эки тилде мааниси жана формасы боюнча дал келген сөздөр: а) *социология, психология*, б) *дарвинизм, социализм*, в) *субстанция, аббревиация* ж.б.

2. Мааниси дал келип, формасы боюнча айырмаланган сөздөр: а) *predict – төлгө салуу, predestine – бал ачуу, foretell – аян берүү, foredom – күн мурун белгилөө* (сөз баш жагынан айырмаланат), *kingdom – падышалык, childhood – балалык, girlhood – кыз кезек* ж.б. (сөздөр аягынан айырмаланат).

3. Формасы окшош же айырмалуу, мааниси айырмалуу сөздөр: *кече, партия – party, сөйкө, шакек – ring.*

Ошентип, эки тилдеги абстракттуу маанини билидирүүчү сөздөрдү салыштырып изилдөө менен алардын үңгу морфемалык жана аффиксалдуу морфемалык өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө болот. Булардын ичинде англис жана кыргыз тилдеринин өздөрүнө гана тиешелүү бөтөнчөлүктөрүн да, аларга ортоктош сапаттарын да аныктоого болот.

III глава. Тектеш эмес тилдерде абстракттуу маанини туюнтуучу сөздөрдүн синтаксистик деңгээлде берилиши. Бул бөлүмдө абстракттуу мазмунду туюнтуучу синтаксистик каражаттар тууралуу сөз кылуу менен, эки тилдеги эркин жана туруктуу сөз айкаштарын жана абстракттуу маанидеги сүйлөмдөр тууралуу сөз кылмакчыбыз. Синтаксистик типология боюнча иликтөөбүз көбүнчө Э.Сепир, Ж.Буранов И.И.Мещанинов, В.Г.Адмони, Б.А.Успенский, Ю.В.Рождественский, В.С. Храковский, Г.А.Климов, В.Д.Аракин ж.б. лингвисттердин эмгектерине таянат. Ошондой эле синтаксистик моделдерди аныктоодо В.И.Шаховский, Н.Н.Максимчук ж.б. тилчилердин эмгектерин пайдаландык. Бул моделдерди түзүүчү сөз айкаштары эки же көп составдуу болушат. Булардын эң таркалганы эки моделге баш иет.

М-1. A+N: *kind look – мээримдүү көз караш, clever idea – акылдуу ой, aforesaid fortune – алдын ала байкалган ийгилик, sincere permission – чын жүрөктөн уруксат берүү* ж.б. With your **sincere permission**, may I see it? – Сиздин **чын жүрөктөн** берген уруксатыңыз менен тигини карай берсем болобу? (к.б.) (R.Tagore "Selected short

stories" p.82 Изд: Индия 1983) Бул сөз айкаштарынын компоненттери саны боюнча эки тилде ар түрдүү.

М-2. V+N: *to feel pride – сыйлыкты сезүү, to take pride in – бир нерсе менен сыймыктануу, to promise success - ийгиликке убада берүү;* кыргызча эквиваленттерде этиш постпозицияда болот.

Мисалы: Roy's home coming concert at the Negro Church **was a success** as she promissed. – Ал убада бергендей Ройдун өз мекенинде өткөзгөн Негро Чиркөөсү менен концерти **ийгиликтүү өттү**. (к.б.) («Home» by Lang's Ton Hughes page 88.)

Англис тилиндеги көп курамдуу сөз айкаштары төмөндөгүдөй моделдерге топтолушат.

М-1. V+A+N: *to express public respect – коомдук урмат-сый көрсөтүү, to show great interest – чоң кызыгуу көрсөтүү, to bring bad luck – жамандык алып келүү.*

М-2. V+smth, smb + A: *to read something interesting – кызыктуу нерсе окуу, to do something pleasant – жагымдуу нерсе жасоо, to promise something harmful – зыяндуу нерсени убада кылуу, to see somebody – кимдир бирөөнү көрүү.*

М-3. Pr+N1+Pr+N2: *from time to time – кез-кезде, from morning till night – эртеден кечке чейин, from hand to mouth – ишенчиликсиз, from top to bottom – жогортон төмөнгө.*

М-4. A1+and + A2: *great and small – чоң жана кичине, black and white – кара жана ак, cheap and nasty – арзан жана жийиркеничтүү.*

Фразеологиялык каражаттардын ичинен сүйлөм болууга, сүйлөмдү түзүүгө ылайыкташкан туруктуу сөз айкаштары жалпылоочу касиетке ээ: *every dog has its day – ар ким өз күнүн өзү көрөт.*

Абстракттуу маанини бир составдуу ээсиз сүйлөм түрүндөгү фразеологизмдер бере алат: *put the fat in the fire, trust in god – кудайга ишенүү, to be up to the ears in love – өтө бекем сүйүү, to play all one's cards – оюн ишке ашыруу* ж.б.

Фразеологизмдер англис тилинде да сүйлөмдүн мүчөлөрүнүн милдетин аткара алышат.

Кыргыз тилиндеги абстракттуу маанини туюнткан тилдик каражаттардын синтаксистик деңгээлде берилиши буга чейин атайын иликтенбеген. Сөз айкаштарды бир нече моделдердин айланасында топтоштурууга болот.

М-1. A+N: *арам ой, ак жолтой, кур намыс.*

М-2. N+N: *көз караш, эт бышым, чай кайнам, куш уйку, аманат жан.*

М-3. A1+A2: *ак-кара, жаман-жакшы, өйдө-төмөн.*

М-4. Num+N: *беш көкүл, чар тарап, төрт түлүк.*

М-5. N+V: *кайрат кылуу, аян берүү, арбак колдоо, насыят айтуу, түш жооруу.*

М-6. PP1+N: *көрөр көз, айтар сөз, алып сатар.*

М-7. N+N: *бала кезде, жигит кезде, музоо кезде* ж.б.

N-8. N+V (imp.): *кудай жалгасын, багың ачылсын, көшөгөң көгөрсүн, энеңди урайын, арка мойнуң үзүлүп өл* ж.б. Булар типтүү жагдайларда даяр формула катары колдонулат. Маанилери абстракттуу келет.

Акырында келтирилген сүйлөм түрүндөгү абстракттуу тилдик формулаларды паремия деп коюшат. Алар төмөндөгүдөй белгилерге ээ:

1. Ар бир паремия бүтүн бир абстракттуу ойду билгизет.
2. Алардын көлөмү чектүү, түзүлүшү туруктуу.
3. Бул паремиялар конкреттүү жагдайларды жалпылаштырат, реалдуу кубулуштарды моделдештирет, типтүү ситуацияларда, жагдай-шарттарда колдонулат.
4. Императив түрүндө уюшулат.
5. Паремиялар арналган тарап бар. Анткени императив түздөн түз адресатка карата айтылат.
6. Алардын адресанты бар. Ар бир императивдик сүйлөмдүн жаратуучусу жана атоочусу болот.
7. Императивдик абстракттуу сүйлөм мамиле куруунун же мамиле бузуунун күчтүү жана типтүү каражаты боло алат.

Ошентип, абстракттуу маани деңгээл аралык категория экендигин байкайбыз. Аны уюштурууда морфологиялык, сөз жасоочулук, лексикалык, синтаксистик каражаттар катышкандыгы буга далил. Кайсы бир окумуштуулар абстракттуулукту зат атоочторго гана байланыштырганы менен, бул маанини сын атоочтор, этиштик формалар, фразеологизмдер, эркин сөз айкаштары жана сүйлөмдөр уюштурарлыгы таркалган тилдик кубулуш экендигине ынанууга болот.

Абстракттуулукту туюнтуучу сөз айкаштарынын семантикалык тайпалары булар:

1) абстракттуу жалпы түшүнүктү билдирүүчү тайпалар;
2) инанимативдүү абстракттуу түшүнүктү берүүчү тайпалар;
3) анимативдүү абстракттуу түшүнүктү берүүчү тайпалар.

Биринчи тайпа үч кичи топтон турат:

а) абстракттуу убакытты көрсөткөн сөздөр;

б) келечекти жалпылап көрсөтүүчү сөздөр;

в) адамдын психикалык өзгөчөлүктөрүн атоочу абстракттуу аталыштар.

Абстракттуу убакытты төмөндөгүдөй каражаттар билгизет:

1. Жөнөкөй сөздөр: *after – кийин, then – кийин.*
2. Татаал сөздөр: *afterwards – кийинчерээк, кечирээк; aftercare - сакайып жаткан ооруну багуу.*

Сөз айкаштары: *to be at age – эрезеге жеткен мезгил, to be under age – өспүрүм кез, a green old age – бактылуу карылык,*

in future – келечекте, next century – кийинки кылымда, next era – кийинки эрада ж.б.

Келечекти жалпылап атоочу каражаттарга төмөндөгүдөй сөз айкаштары жана сөздөр кирет: *to prophesy one's fortune – алдын ала айтуу, to predict something – күн мурунтап айтып берүү, prediction – алдын ала айтып берүүчүлүк;palm reader, mind reader – төлгөчү, балчы, көзү ачык* ж.б.

Адамдын психикалык дүйнөсүн чагылдырып берүүчү сөздөр жана сөз айкаштары: *astonishment – таң калуу, passion – чаңкоо, эңсөө; wonder – таң калуу, love – сүйүү; to be glad – сүйүнүү, pleasant – жылдыздуу, бажырайган* ж.б. Буларга *жан – soul, эрк – will, эс тутум – memory, темперамент – temperament, элестетүү - present, ойлоо – thought* ж.б. ыктап турат.

Ошентип, эки тилдеги абстракттуулукту билгизүүчү сөздөр бир нече семантикалык жана конструктивдик тайпалардан тургандыгын, алардын арасында жалпылыктардын жана айырмачылыктардын бар экендигин айтууга болот.

Корутунду

Изилдөөнүн натыйжасында:

1. Абстракттуулук түшүнүгү жалпы тилдик категория катары аныкталды.
2. Англис жана кыргыз тилдеринин системасында абстракттуулук категориясынын орду жана статусу белгиленди.
3. Абстракттуулук категориясы деңгээл аралык мүнөздө экендиги далилденип, аны түзүүчү морфологиялык-деривациялык, лексика-семантикалык жана синтаксистик каражаттар талдоого алынды.
4. Бул категория камтыган тилдик каражаттарды борбордук жана борбордук эмес, маркерлүү жана маркерлүү эмес деген критерийлердин негизинде сыпаттоо мүмкүнчүлүктөрү аныкталды.
5. Абстракттуулукту жана абстракттуулукту жаратуучу тилдик бирдиктердин деңгээл аралык, разряд аралык моделдери түзүлдү. Алардын негизги касиеттери жана лексика-грамматикалык класстары белгиленди.
6. Абстракттуулук категориясын аталган эки тилде салыштырып иликтеп тилдердин ортосундагы изоморфтук жана алломорфтук кубулуштардын табияты аныкталды.
7. Аталган категориянын жалпы тилдик параметрлери жана башка категориялардын арасындагы орду чоң мүнөзгө ээ болду.

8. Абстракттык семантикалык көлөмү жана чеги белгиленди. Мындай маанини туюнтуучу имплициттик жана эксплициттик каражаттар талданды.

9. Абстракттуулук жана конкреттүүлүк түшүнүктөрүнүн өз ара катышы белгиленди.

10. Абстракттуулук категориясы өнүккөн, социалдык мааниси чоң жана функциалары кенен тилдерге гана мүнөздүү экендиги далилденди.

11. Абстракттуулук тилди пайдалануучулардын менталдык дүйнөсү жалпылоочулук касиетке ээ болушун талап кылат.

12. "Примитивдүү тилдерде" бул категория калыптанбаган.

Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:

1. Англис тилинин лексикасынын лингводидактикалык салыштырма анализи. // Проблемы гуманизации общества. Теория и практика преподавания мировых языков. – г. Ош, Ошск. гос. ун-т, 1997. – С. 97-105.
2. Типологиялык абстракттуулук категориясынын лексикалык деңгээли. // Наука, образование, техника. –г. Ош, 2002. - №1.- С. 52-55 Кырг-узб. ун-т.
3. Integrating perceptual styles into the Teaching and Learning Process. // Вестник Ошск. гос. ун-та. – г. Ош, 2004. - № 4.- С. 161-165. (З.У.Азимова менен бирге).
4. English Grammar in patterns: Метод. пособие для студентов. – г. Ош, 2005. – 124 с. (Т.А.Усманова, В.Г.Сайфутдиновалар менен бирге).
5. Тектеш эмес тилдердеги абстракттуу маанини көрсөткөн бирдиктерди салыштырып изилдөө. // Вестник Ошск. гос. ун-та. - г. Ош, 2006. - № 1-2. - С. 102-105.
6. Тектеш эмес тилдердеги абстракттуу маанини көрсөткөн лексикалык бирдиктердин структуралык өзгөчөлүктөрү. // Вестник Ошск. гос. ун-та. - г. Ош, 2006. - № 1-2. – С. 99-102.
7. Категория абстрактности как основа сопоставления английского и кыргызского языков. // Вопросы филологических наук.- г.М., 2008. - №1 (30) –С. 44-47.
8. Exploring the meaning of language means which give abstract notion. // Вестник Каз НУ им. аль-Фараби. Серия филологическая. – г. Алматы, 2008. -№1 (109). – С. 247-249.

Резюме

Сейитбекова Сурмакан Сейитбековна

Тилдеги абстракттуулук категориясынын типологиялык мүнөздөмөсү (кыргыз жана англис тилдеринин материалдарында)

10.02.20. –- Салыштырма-тарыхый, типологиялык жана тектештирме тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация.

Негизги сөздөр: *абстракттуулук категориясы, семантикалык талаа, талаанын борбору жана чети, лексика – семантикалык абстракттуулук, деңгээл аралык жана разряд аралык абстракттуулук, морфологиялык жана синтаксистик каражаттардын абстракттуулугу.*

Изилдөө кыргыз жана англис тилдериндеги абстракттуулук категориясын типологиялык жактан сыпаттого арналган.

Абстракттуулук категориясы универсалдуу мүнөздө болуп бардык өнүккөн тилдерде учурайт.

Абстракттуу семантиканы айкындоочу критерийлерге анын жалпылоочу касиети, конкреттүү эместиги, сезүү органдар аркылуу аныкталбастыгы, саналбастыгы, өлчөнбөстүгү көптүк мүчөсүнүн жалганбастыгы сыяктуу белгилер кошулат.

Бул эмгекте кыргыз жана англис тилдериндеги абстракттуулук категориясын түзүүчү морфологиялык – деривациялык, лексика-семантикалык жана фразеологиялык – синтаксистик каражаттар типологиялык өңүттө комплекстүү түрдө талданды; Эки тилдин системасында абстракттуулук семантикасын туюнтуучу бирдиктердин түрлөрү жана чеги аныкталды. Иликтенген материалдар борбордук – борбордук эмес, өнүмдүү - өнүмдүү эмес, маркерлүү - маркерлүү эмес, имплициттик – эксплициттик ж.б. белгилердин негизинде сыпатталды. Абстракттуулукту туюнтуучу тилдик бирдиктердин деңгээл аралык жана разряд аралык моделдери түзүлдү.

Иште абстракттуу маанини билгизүүчү каражаттардын разряд аралык инвентаризациясы жүргүзүлдү жана лексика – грамматикалык класстары аныкталды. Эки тилдин фактыларын салыштыруу менен булардын ортосундагы изоморфтук жана алломорфтук кубулуштардын табияты жана жаралуу себептери талданып каралды.

Резюме

Сейитбекова Сурмакан Сейитбековна

Типологическая характеристика категории абстрактности в языке (на материале кыргызского и английского языков)

Диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.20 – Сравнительно – историческое, типологическое и сопоставительное языкознание.

Ключевые слова: *категория абстрактности, семантическое поле, центр и периферия поля, лексико – семантическая абстрактность, межуровневая и межразрядная абстрактность, абстрактность морфологических и синтаксических средств.*

Исследование посвящено типологической характеристике категории абстрактности в кыргызском и английском языках.

Категория абстрактности является универсальной и встречается во всех развитых языках.

Основными критериями определения абстрактной семантики являются обобщенность и отвлеченность значения, невозможность созерцания обозначаемых явлений органами ощущения, неспособность подвергаться счету, измерению и принимать форму множественного числа и т.д.

В работе комплексно и в типологическом аспекте анализируются морфолого – деривационные, лексико – семантические и фразеолого – синтаксические средства двух языков, составлющие категорию абстрактности; определены типы и границы языковых единиц, выражающих абстрактную семантику. Исследуемые материалы описываются по признакам центральности – нецентральности, продук-тивности – непродуктивности, маркированности – немаркирован-ности, эксплицитности – имплицитности и т.д.; разработаны межуров-невые и межразрядные модели языковых единиц, выражающих абстракное значение.

В работе произведена инвентаризация межразрядных абстрактных единиц языка и определены лексико – грамматические классы слов с абстрактной семантикой. В результате сопоставления фактов двух языков выявлены природа и причины возникновения в них изоморфных и алломорфных явлений.

RESUME

Seitbekova Surmakan Seitbekovna

"Typological characteristics of language abstractness (based on materials in the Kyrgyz and English languages)". The thesis is submitted to confer the scholar degree of "Candidate of philological sciences". Speciality 10.02.20. – Comparative-historical, typological and contrastive linguistics.

Key words: *category of abstractness, semantic field, field centre and periphery, lexicological and semantic abstractness, inter level and inter category type of abstractness, abstractness of morphological and syntactical tools.*

The research focus is on typological characteristics of abstractness category in Kyrgyz and English languages.

Common abstractness category can be found in all developed languages.

Key criteria for definition of abstract semantics are generalization of knowledge, inability to reflect designated phenomenon, inability to measure and define shape of plurality.

This work's analysis of morphology, lexicology, semantics and syntaxes tools in two languages is complex and undertaken in various aspects. It further defines types of and border among language units that define semantic abstractness. Description of the study subject is categorized. The work further creates models of inter level language units defining abstract significance.

Finally, the work creates an inventory list of inter level language units and defines lexicological and grammatical types of words with semantic abstractness. As a result of comparison between two languages and their features, the nature and reasons of existence of isomorphic and allomorphic factors have been derived.

Подписано к печати 3.04.2007 г. Формат бумаги 60x84 1/16.
Бумага офс. Печать офс. Объем 1,25 п.л. Тираж 100 экз. Заказ 88.
Бишкек, ул. Сухомлинова, 20. ИЦ "Текник" КГТУ, т.: 56 – 14 – 55, 54 – 29 – 43
E -mail: ict@ktu.aknet.kg, teknik@netbox.ru